| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

18.11.2021 **№ 11** **Талас айылы**

**Коопсуздук, тоскоолдук жараткан жана курулуш материалдары катары керек болгон тал-теректерди кыюу жөнүндө**

Жол бойлорундагы куурап адам өмүрүнө коопсуздук жараткан, электр чубалгыларына тоскоолдук кылган жана курулуш материалдары катары керек болгон тал-теректерди кыюу маселесин талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 31-беренесин жетекчиликке алып, Кыргызстан айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргызстан айылдык аймагына караштуу айылдардагы жол бойлорунда куурап адам өмүрүнө коопсуздук жараткан, электр чубалгыларына тоскоолдук кылган жана курулуш материалдары катары керек болгон тал-теректерди кыюу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигин макулдашуусу менен жүргүзүлсүн;
2. Кыйылган тал-теректерди максаттуу пайдалануу айылдык аймактык комиссиясынын чечими менен жүргүзүлсүн;
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы, айылдык кеңештин алдындагы агрардык комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.Оморов**